**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**СОКУЛУК РАЙОНУ**
**МАНАС АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**МАНАС АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
**Манас а. Школьная көч.19а**
**тел. (0312) 61-83-32**
**факс (0312) 61-77-28**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**
**МАНАССКОГО**
**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА**
**с. Манас ул. Школьная 19а**
**тел. (0312) 61-83-32**
**факс (0312) 61-77-28**

## Бириккен Манас айылдык кеңешининин уюштуруу сессиясынын №3 ТОКТОМ У

**2024-жылдын 21-февралы** **Манас айылы**

**Манас айыл аймагынын “Манас айылдык кеңеши” мекемесин түзүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 “Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын дэңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө” Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 7-февралындагы №24 “Пилоттук режимде жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформанын алкагында жергиликтүү кеңештердин иши жөнүндө убактылуу жобону бекитүү жөнүндө” Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 92-беренесин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-мартындагы №178 токтому менен бекитилген “Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлуктөрдү) мамлекеттик каттонун тартиби жөнүндө Жобону жетекчиликке алып Манас айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Чүй облусунун Сокулук районунун Атбашы айыл аймагынын “Атбашы айылдык кеңеши” жана Чүй облусунун Сокулук районунун Фрунзе айыл аймагынын “Фрунзе айылдык кеңеши” бириктирүү жолу менен Манас айыл аймагынын “Манас айылдык кеңеши” мекемеси түзүлсүн.

**Юридикалык жактын толук фирмалык аталышы:**
-Мамлекеттик тилде: Манас айыл аймагынын “Манас айылдык кеңеши” мекемеси;
-Расмий тилде: Учреждение “Манасский айыльный кеңеш”Манасский айыльный аймак Сокулукского района Чуйской области.
**Кыскартылган фирмалык аталышы:**
-Мамлекеттик тилде: Манас айыл аймагынын “Манас айылдык кеңеши” мекемеси;
-Расмий тилде: Учреждение “Манасский айыльный кеңеш” Манасский айыльный аймак Сокулукского района Чуйской области.

2. Манас айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин Жобосу бекитилсин.
3. Манас айыл аймагынын “Манас айылдык кеңеши” мекемесинин юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Чүй облусу, Сокулук району, Манас айылы, Школьная көчөсү №19а, болуп аныкталсын.
4. Мекеме Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттодон өткөрүлсүн.
   Токтомдо көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын анык экениндиги ырасталат.

**Төрага** **Д.И.Абыканова**